**“БЕКИТЕМИН”**
**Д 12 23. 668 Доктордук жана кандидаттык диссертацияларды коргоо боюнча Диссертациялык кеңештин төрайымын оорун басары, юридика илимдеринин доктору**

_________________ **Бердалиев К.Ч.**

“25” ___02___________ **2025 ж.**

12.00.11 - сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунуштаган Джумадилов Улан Джусупбековичтин “Кыргыз Республикасында прокуратура органдарынын жана прокурордук кызматкерлердин укуктук статусу” темасында диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУне, Б. Осмонов атындагы Джалал-Абад мамлекеттик университетине жана генерал – майор Э.А. Алиев атындагы КР ИИМ Академиясына караштуу Д 12.23.668 Диссертациялык кеңештин отурумунун №__

## ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ

**Бишкек шаары** **“22” февраль 2025 ж.**

**Катышкандар Бердалиев К. Ч.** (төрайымдын орун басары, төрагалык кылуучу) – ю.и.д. (12.00.11); **Абдукаримова Н. Э.** (окумуштуу катчы) – ю.и.д., доцент(12.00.08; 12.00.09); **Акимжанов Т.К.** ю.и.д., профессор (12.00.08) (онлайн); **Алымбеков Б. М.** – ю.и.д. (12.00.11); **Базарбаев А.С.** – ю.и.д., доцент (12.00.09); **Джоробекова А. М. –** ю.и.д., профессор (12.00.08); **Кокоева А.М.** – ю.и.д., доцент (12.00.09) (онлайн); **Бегалиев Е.Н.** – ю.и.д., доцент (12.00.09; 12.00.11) (онлайн); **Осмоналиев К.М. –** ю.и.д., профессор (12.00.08; 12.00.11); **Шнарбаев Б.К.** – ю.и.д, доцент (12.00.09) (онлайн)

**Төрайым:** Диссертациялык кеңештин 13 мүчөсүнүн 10 – катышууда, анын ичинен 6-*офлайн;* 4 – *онлайн,* алардын ичинен каралып жаткан диссертациянын профили боюнча **2** илимдин доктору туз шифр боюнча, **2** илимдин доктору иштерджин жыйындысы менен бар.

Ещанов А.Ш., Сабырова К.Ж., Токторов Э.С., жүйөөлү себептерден улам катышышкан жок.

Бул курамда кеңешке жыйын өткөрүүгө ыйгарым укук берилген, жыйынды ачык деп эсептейли.

**Күн тартиби:**

12.00.11 - сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунуштаган Джумадилов Улан Джусупбековичтин “Кыргыз Республикасында прокуратура органдарынын жана прокурордук кызматкерлердин укуктук статусу” темасында диссертациясын алдын ала коргоо.

Күн тартиби боюнча кандай пикирлер болот?

**Кеңештин мүчөлөрү:** Бекитүү!

**Төрагалык кылуучу:** Каршылык жок. Күн тартиби бекитилди. Отурумга келгендердин тизмесине ылайык диссертациялык кеңештин төмөнкү мүчөлөрү катышууда:

1. *Бердалиев Кайрат Чолпонкулович* (төрайымдын орун басары) – юридика илимдеринин доктору; адистиги: 12.00.11
2. *Абдукаримова Назира Эшмухамедовна* (окумуштуу катчы) - юридика илимдеринин доктору, доцент; адистиктер: 12.00.08; 12.00.09
3. *Акимжанов Талгат Курманович* - юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиктер: 12.00.08 (онлайн)
4. *Алымбеков Бактыбек Маданбекович* – юридика илимдеринин доктору, адистиги: 12.00.11
5. *Базарбаев Алмаз Сатыбалдиевич* – юридика илимдеринин доктору, доцент; адистиги: 12.00.09
6. *Джоробекова Арзыгуль Мамаюнусовна* - юридика илимдеринин доктору; адистиктери: 12.00.08;
7. *Кокоева Алмагул Мухтарбековна* – юридика илимдеринин доктору, доцент; адистик: 12.00.09. (онлайн).
8. *Токторов Эгемберди Самидинович* - юридика илимдеринин доктору, доцент; адистиги: 12.00.09 (онлайн)
9. *Осмоналиев Кайрат Медербекович* – юридика илимдеринин доктору, профессор; 12.00.08
10. *Шнарбаев Булатбек Кабдушевич* - юридика илимдеринин доктору, доцент; адистиги: 12.00.09 (онлайн)

Ошондой эле алдын ала коргоодо юридика институтунун өкүлдөрү катышууда.

Илимий жетекчи: ю.и.д., профессор Шаршеналиев А.С.

Диссертациялык иш 24.01.2025-жылы Д 12.23.668 диссертациялык кеңеши тарабынан өндүрүшкө кабыл алынган. Төмөнкү курамдагы эксперттик комиссия дайындалган: ю.и.д., проф. Осмоналиев К.М., ю.и.д., доц. Алымбеков Б.М., ю.и.д., доц. Эсенбекова А.Т. Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобонун 52-пунктуна ылайык диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы ушул Жобонун 7-тиркемесине ылайык форма боюнча корутундусун берген. Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясында диссертацияны кароо жана корутунду берүү мөөнөтү (кеминде 15 жана 30 календардык күндөн ашпаган) бузулган эмес.

Ошондой эле Антиплагиат программасы боюнча текшерүү маалым каты бар, ишти текшерүүнүн бул баскычынан өттү деп таануу үчүн талаптарга жооп берет, диссертанттын документтери кеңешке тизме ылайык сунушталган; КР УАКнын диссертация темаларынын реестринде сунушталган тема бар, диссертант электрондук кезекке катталган, башкача айтканда, бардык талаптар аткарылган.

**Төрагалык кылуучу:** Сөз изденүүчү Джумадилов Улан Джусупбековичке берилет.

**Изденүүчү:** Саламатсыздарбы урматтуу Төрагалык кылуучу, диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Сиздердин алдыңыздарга “Кыргыз Республикасында прокуратура органдарынын жана прокурордук кызматкерлердин укуктук статусу” темасындагы диссертациялык ишти тартуулайм. Өлкөдө болуп жаткан социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр жана коомдук турмушту сапаттуу өзгөртүүгө алып келген саясий процесстер, ошондой эле мамлекеттик аппаратты реформалоо прокуратуранын жана прокурордук корпустун мамлекеттик кызматынын конституциялык-укуктук статусун кайра карап чыгуунун натыйжасы болду. Бул логикалуу, анткени мамлекеттик-укуктук ишмердүүлүктүн элементтеринин бири болуу менен прокуратура мамлекеттик

органдардын системасында өзүнүн өзгөчө ордун ээлейт жана мамлекеттик-укуктук жөнгө салуунун маанилүү милдеттерин жүзөгө ашырат. Мыйзамдуулукту жана анын талаптарын бардык жарандар, мамлекеттик органдар жана кызмат адамдары тарабынан сакталышын бир түрдүү түшүнүү анын уюштуруучулук - укуктук курулушунан көз каранды. Жөнгө салуу прокуратуранын компетенциясына кирген укуктук өз ара мамилелердин азыркы спектри жетишерлик кенен жана мамлекет тарабынан өз функцияларын аткаруу үчүн чоң мааниге ээ.

Прокуратура - бул Кыргыз Республикасынын турмушундагы укуктук башталыштардын бекитилишинен көз каранды болгон уникалдуу түзүм экендиги талашсыз. Мамлекеттик бийлик системасында Кыргыз Республикасынын прокуратурасы өзгөчө абалды ээлейт. Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 105-беренесинде атайын статусу бар мамлекеттик бийлик органдары катары белгиленген.

Өз кезегинде, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 2-бернесине ылайык, прокуратура мыйзамдын үстөмдүгүн, мыйзамдуулуктун биримдигин жана бекемделишин, ошондой эле инсандын, коомдун жана мамлекеттин мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуучу мамлекеттик орган болуп саналат. Дал ушул прокуратуранын компетенциясы, ага жүктөлгөн функцияларды ишке ашыруу боюнча анын ыйгарым укуктарынын мазмуну мамлекеттик-укуктук механизмдеги анын орду анык.

Ошондуктан жаңы тенденцияларды жана мыйзамдардагы болуп жаткан өзгөрүүлөрдү эске алуу менен прокуратуранын укуктук статусуна карата заманбап мамилелер мамлекеттик бийлик органдарынын системасындагы анын ордун жана ролун аныктоодо принципиалдуу мааниге ээ. Бул прокуратура органдарынын мамлекеттик бийликтин башка органдары менен өз ара мамилелеринин мүнөзүн, прокурордук системанын маңызын жана функционалдык багытын аныктоого, анын коом жана мамлекет үчүн маанисин көрүүгө мүмкүндүк берет.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын системасынын түзүмдүк өзгөрүүлөрүнө жана мында коомдун кызыкчылыгынан улам мамлекет тарабынан коюлуп, чечилип жаткан актуалдуу милдеттерге башкача көз караш менен кароо талап кылынат.

Кыргыз Республикасында прокуратуранын ишин натыйжалуу уюштуруу үчүн олуттуу тоскоолдук жазык сот өндүрүшүндө иштебеген ролу болуп санала тургандыгын негиздейбиз. Кылмыш - жаза сот өндүрүшүндө прокурор айыптоо функциясын аткаруу менен коргоо тарапка салыштырмалуу процесстик артыкчылыктарга ээ болбой, тескөөчү бийликке ээ болушу керек. Мында прокуратура органдарынын мазмундуу иши соттук-процесстик ишке "жашыруун" көзөмөлдү да камтып, Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган процесстин атаандаштыгын реалдуу ишке ашыруу үчүн шарттарды жана тоскоолдуктарды түзөт.

Ошондуктан, прокурор сот өндүрүшүндө өзгөчө орунду ээлеп, көз карандысыз жана кызыкдар эмес болуп, конкреттүү өндүрүштүн алкагында укуктук камсыздоонун эксперти катары чыгууга тийиш. Ошондой эле ал сот тутумунун бөлүгү боло албайт, мында анын негизги функциясы процесстин тараптарына жана башка катышуучуларына көзөмөлдү жүзөгө ашыруу гана болуп саналат. Ошондуктан, көз карандысыз прокурордун катышуусу менен проблемаларды чечүү талап кылынып, ага көзөмөлдөө функцияларын гана аткаруу жүктөлүп, бул ар кандай кызмат адамдарынын катышуусун болжолдойт.

Бул максаттарда илимий ой жүгүртүү жана укуктук механизмди иштеп чыгуу талап кылынып, ал бул чөйрөдө жетишерлик актуалдуу жана дискуссиялык маселени чечүүгө мүмкүндүк берет.

Башкы прокуратура кылмыш - жаза сот өндүрүшү, укук бузуулардын алдын алуу жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзам долбоорлоруна корутунду берет. Башкы прокуратура Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген колдонуудагы мыйзамдарга укуктук жана коррупцияга каршы экспертиза жүргүзөт. Ошону менен бирге, ЕАЭБ өлкөлөрүнүн эл аралык кызматташтыгынын алкагында укуктук жардам көрсөтүүгө байланышкан бир катар коллизиялар (карама-каршылыктар) жана кемчиликтер, мында мамлекеттердин улуттук коопсуздугуна коркунуч келтирген, анын криминалдык көрүнүштөрүнүн жаңы формаларынын фонунда трансулуттук уюшкан кылмыштуулуктун өсүшү байкалып, жалпысынан юридикалык коомчулуктун, ошондой эле укук коргоо органдарынын тынчсызданууусун жаратат. Ошондуктан буга байланыштуу уюштуруу-укуктук чараларды кабыл алуу жана пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү боюнча механизмдерди иштеп чыгуу зарыл. Ошондой эле КМШ өлкөлөрүндө прокурордук корпустун иштешинин жана ишин уюштуруунун оң жана терс жактарынын өзгөчөлүктөрү эске алынат.

Бүгүнкү күндө 2025-2030-жылдарга карата Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы туруу боюнча мамлекеттик стратегия бекитилген. Ал коррупциянын алдын-алуунун натыйжалуу механизмдерин киргизүүгө жана аны минималдаштыруу боюнча туруктуу натыйжаларга жетишүүгө багытталган. Ошондой эле, прокуратуранын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бири коррупциянын ар кандай көрүнүштөрүнө каршы туруу болушу керек. Көпчүлүк учурда мындай абал мамлекеттик институттар тарабынан коррупцияны пайда кылуучу себептерди жана шарттарды четтетүү маселелерине жетишсиз көңүл бурусу, анын көрүнүштөрүнө каршы аракеттенүү боюнча реалдуу чараларды көрбөсүн белгилесек болот.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 31.05.2023-жылдагы №146 Жарлыгы менен 2023-2026-жылдарга карата бекитилген Кыргыз Республикасынын укуктук саясатынын концепциясында, прокурордук көзөмөл мыйзамдарды системалык талдоо менен тыгыз байланышта. Коомдук мамилелердин дээрлик бардык чөйрөсүн жөнгө салуучу мыйзамдардын сакталышына көзөмөлдүктү жүзөгө ашырууда прокуратура укук колдонуу практикасына ылайык, мамлекеттик орган катары өлкөдө укук колдонуу практикасынын абалынын объективдүү көрүнүшүн, анын ичинде колдонуудагы ченемдик укуктук актылардын карама-каршылыгын, толук эместигин жана башка кемчиликтерин көрөт.

Ошондуктан жогоруда баяндалгандардын бардыгы мамлекеттик механизмде прокуратуранын ишин уюштурууну өркүндөтүүнүн жолдорун аныктоо максатында көтөрүлүп жаткан көйгөйлөрдү комплекстүү, системалуу жана заманбап көз караш менен кароого мажбурлайт. Башка ченемдик укуктук актылар менен өз ара байланышта прокуратуранын уюштуруу-процессуалдык ишмердүүлүгүнө тиешелүү жаңы мыйзамдарга талдоо жүргүзүү талап кылынат. Мында прокурордук системанын звенолорунун ортосундагы, анын ичинде КМШ өлкөлөрүнүн эл аралык кызматташтыгынын алкагында укуктук жардам көрсөтүүнүн ортосундагы катышты аныктоо зарыл. Бул көрсөтүлгөн жагдайлар изилдөөнүн актуалдуулугун аныктады.

**Изилдөөнүн максаты и милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын ишинин уюштуруу-укуктук механизмин

өркүндөтүүгө багытталган теориялык жоболордун жана практикалык сунуштамалардын комплексин иштеп чыгуу болуп саналат, ал Мыйзамдын заманбап тенденцияларын жана өзгөрүүлөрүн, ошондой эле прокуратуранын функцияларын ишке ашырууда, анын ичинде КМШ өлкөлөрүндө укуктук жардам көрсөтүүдө эл аралык кызматташтыктын алкагында көп кырдуу көйгөйлөрдүн болушун эске алат.

Коюлган максатка жетүү үчүн изилдөөнүн негизги милдеттери аныкталды:

1. 2021-жылдын 10-сентябрындагы №114 Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын контекстинде прокуратура жана прокуратура кызматкерлеринин милдеттеринин маани-маңызын жана өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө негизги мамилелерди, ошондой эле ага киргизилген акыркы өзгөртүүлөрдү изилдөө;
2. прокуратуранын ишин уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн, алардын прокурордук кызматкерлерге карата коюлуучу принциптерин жана талаптарын карап чыгуу;
3. КМШ өлкөлөрүнүн катышуучуларынын мамлекеттеринде прокуратура институтунун ишин уюштурууну жана өзгөчөлүктөрүн иликтөө;
4. кылмыш иштери боюнча укуктук жардам көрсөтүүдө эл аралык кызматташтыктын алкагында, анын ичинде мыйзамдардын аткарылышына адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин заманбап шарттарда сакталышына прокурордук көзөмөлдү жүзөгө ашыруу боюнча прокуратуранын жана прокурордук кызматкердин укуктук статусун кароо;
5. Кыргыз Республикасында сотко чейинки өндүрүштө прокурордун статусунун процессуалдык функцияларынын өзгөчөлүктөрүн карап чыгуу;
6. прокуратуранын сот өндүрүшүндө катышуусун уюштуруудагы маселелерди изилдөө жана аларды чечүүнүн жолдорун аныктоо.

**Иштин илимий жаңылыгы** изилдөөнүн максатын коюу жана ошол максатка жетүү үчүн чечилген милдеттерде жатат. Бул маселелер ушул күнгө чейин 2021-жылдын 10-сентябрындагы № 114 Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын прокуратура жөнүндө" жаңы Конституциялык мыйзамында жана прокуратуранын процессуалдык ишмердүүлүгүнө байланыштуу киргизилген башка өзгөртүүлөрдө чагылдырылган эмес. Автор тарабынан прокурордук иштин бир катар багыттарын аныктоого олуттуу таасир тийгизген жана адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин, ошондой эле коомдун жана мамлекеттин мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын коргоо боюнча натыйжалуу юридикалык механизмди түзүүгө тоскоолдук кылган прокуратуранын негизги функцияларын ишке ашыруудагы көп кырдуу көйгөйлөргө комплекстүү монографиялык изилдөө жүргүзүлгөн.

Диссертацияда кылмыш – жаза кугунтуктоо жана айыптоо функцияларын ишке ашырууда сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө пайда болгон көйгөйлүү кырдаалдар, ошондой эле каралып жаткан чөйрөлөрдө жаңы процессуалдык институттардын пайда болушунун жана мыйзамдарды реформалоонун заманбап тенденцияларын эске алуу менен мыйзамдуулукка көзөмөлдү жүзөгө ашыруу ачыкка чыгарылат.

Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүн КМШ өлкөлөрүнүн прокурордук тутумунун звенолорунун өз ара байланышындагы кемчиликтерге басым жасоо менен укуктук жардам көрсөтүү алкагында эл аралык кызматташтык чөйрөсүндөгү заманбап мыйзамдар позициясынан комплекстүү жана жаңы ыкмалар менен кароого аракет жасалган.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси** изилдөөнүн жүрүшүндө алынган илимий натыйжалар жана сунуштар менен аныкталат, алар: 1. Прокуратуранын ишмердүүлүгүнө жүгүртүүгө киргизүү үчүн жаңы түшүнүктөрдүн автордук редакциясы, тактап айтканда “прокурордук көзөмөл”, “прокурордук ката” сунушталган; 2. Автор тарабынан прокуратуранын эки өз алдынча иштеген ролун бөлүп көрсөтүү зарылдыгы негизделген, мында прокурордук көзөмөл иштин өз алдынча чөйрөсү бойдон калууга тийиш, ошондуктан кылмыш – жаза куугунтуктоо жана айыптоо көзөмөл менен кесилишпеши керек, ушундан улам каралып жаткан функциялар ар кандай кызмат адамдары тарабынан жүзөгө ашырылууга тийиш; 3. Прокурордук көзөмөлдүн жана кылмыш – жаза куугунтуктоонун функцияларын чектөө жөнүндө маселени чечүү максатында автор тарабынан кызматтык функцияларды чаташтыруу менен байланышкан карама-каршылыктарды алып салуу боюнча укуктук механизмге жана чечүүнүн негизги жолдоруна өзүнүн көз карашы берилген; 4. КМШ өлкөлөрүнүн башкы прокурорлорунун Координациялык кеңешинин бул чөйрөдөгү ыйгарым укуктарын кеңейтүү жана анын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары боюнча автордук мамиле сунушталдган; 5. Автор өзүнүн көз карашы боюнча ЕАБ өлкөлөрүнүн укуктук жардам көрсөтүүдө натыйжалуу эл аралык кызматташтыгына тоскоол болгон жана өзүнүн чечилишин талап кылган негизги көйгөйлөргө көңүл бурат; 6. Укуктук жардам көрсөтүүнүн алкагында укук коргоо органдарын натыйжалуу координациялоого жолтоо болгон көйгөйлөрдү чечүүнүн негизги жолдоруна автордук позиция, ошондой эле мындай иштин деңгээлин жогорулатуу боюнча иштиктүү механизмдерди түзүү боюнча чаралар баяндалган; 7. Ведомствонун өзүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга, ошондой эле өз ишин жүзөгө ашырууда башка укук коргоо органдары менен ишти координациялоого байланыштуу маселелерди чечүү максатында Башкы прокуратураны түзүмдүк өзгөртүү боюнча сунуштар берилген; 8. Автор тарабынан чет өлкөлүк жана эл аралык (мамлекеттер аралык) соттордо, чет өлкөлүк жана эл аралык бейтарап соттордо (арбитраждарда), Евразия экономикалык бирлигинин сотунда жана көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Экономикалык сотунда Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарын коргоо максатында өкүлчүлүк институтун киргизүү зарылдыгы, ошондой эле анын иштешинин мыйзамдык механизми негизделген; 9. Административдик процесске прокурордун катышуусу менен административдик – укуктук талаш-тартыштарды кароого жана чечүүгө тоскоолдук кылган негизги көйгөйлөр жана коллизиялар чагылдырылган, алардан улам аларды чечүүнүн укуктук механизмине автордук көз караш берилген; 10. Автордук позициядан прокурорлордун иш-аракетинин багытына жана функцияларына карата теориялык көз караштар жана алардын классификациясы, ошондой эле каралып жаткан мамлекеттик орган тарабынан кылмыш – жаза куугунтуктоо жана контролдоо функцияларынын өз ара байланышы баяндалган.

**Төрагалык кылуучу:** Сөз окумуштуу катчы Абдукаримова Назира Эшмухамедовнага берилет.

**Окумуштуу катчы:** Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы жана кеңештин мүчөлөрү! Джумадилов Улан Джусупбековичтин “Кыргыз Республикасында прокуратура органдарынын жана прокурордук кызматкерлердин укуктук статусу” темасыдагы диссертациялык ишинин илимий жетекчиси Шаршеналиев Асанбек Шаршеналиевич. Диссертация боюнча илимий жетекчиси Асанбек Шаршеналиевичтин пикири бар. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында прокуратура органдарынын ишинин мыйзамдык базасы иштелип чыккан, ал бирдиктүү борборлоштурулган тутумун түзүүдө, алардан

жогору турган прокурорго жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуроруна баш ийген прокурорлор. Ошону менен бирге, акыркы жылдарда укук коргоо органдарынын бүткүл тутумунда мүнөздүү болгон кемчиликтер жана көйгөйлөр (кылмыштуулукка каршы күрөш, анын уюшкан формаларынын өсүшүнүн, кылмыштуулуктун жаңы түрлөрүнүн жана формаларынын пайда болушунун шартында кескин түрдө ачыкка чыкты).

Прокуратура органдарын материалдык-техникалык жана ресурстук жактан камсыз кылуу боюнча көптөн бери чечилбей келген көйгөйлөр топтолуп калган, прокуратура органдарын бюджеттик каржылоодо бир катар көйгөйлөр бар.

Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жана прокурорлордун укуктук абалынын теоретикалык проблемаларын илимий жактан негиздөө бүгүнкү күндө олуттуу илимий кызыгууну жаратууда. Бул изилдөө Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Конституциялык Мыйзамынын контекстинде прокуратуранын ишин изилдөөгө жана талдоого багытталган, мында прокуратура органдарынын ишин уюштуруунун өзгөчөлүктөрү, алардын принциптери жана прокурорлорго карата талаптары изилденген. Автор мыйзамдардын аткарылышына жана жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына прокурордук көзөмөлдү ишке ашырууда, прокуратуранын ишин уюштурууда, ошондой эле прокуратура органдарынын кызматкеринин укуктук статусунун маселелерин изилдеген. Диссертацияда бул чөйрөдөгү көзөмөл чараларынын натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизген теориялык жана практикалык көйгөйлөр аныкталып, азыркы шарттарда прокурордук көзөмөлдү күчөтүү жана өркүндөтүү боюнча чаралар иштелип чыккан.

Иште теориялык позицияларды талдоодо жалпы илимий методдор – диалектикалык, формалдуу-логикалык, формалдуу-таанып билүүнүн укуктук салыштырма ыкмалары пайдаланылган. Диссертацияда туюнтулган негизги тыянактар, сунуштамалар Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жана прокуратура кызматкерлеринин укуктук абалын жакшыртууга, жалпысынан укуктук жөнгө салууну өркүндөтүүгө багаттылган.

Анын жүргүзгөн иштеринин жыйынтыгында изденүүчү У.Джумадилов тарабынан алынган натыйжалар, тыянактар жана сунуштар ички бирдиктүүлүгү менен мүнөздөлөт, өз ара тыгыз логикалык байланышта турушат.

Жогоруда белгиленгендерге байланыштуу илимий жетекчи катары Джумадилов Улан Джусупбековичтин «Кыргыз Республикасындагы прокуратура органдарынын жана прокуратура кызматкерлеринин укуктук абалы» темадагы диссертациясы бүткөрүлгөн илимий иш болуп саналат, КР Улуттук аттестациялык комиссиясынын койгон бардык талаптарына жооп бергендиктен диссертациялык кеңеште каралса болот жана анын авторуна юридика илиминин кандидаты даражасын ыйгарып берүүгө татыктуу деп пикири берилген.

**Төрага кылуучу:** Эксперттик корутундуларды жарыялоо үчүн сөз диссертациялык кеңештин эксперттерине: Алымбеков Б.М., Осмоналиев К.М., Эсенбекова А.Т. берилет.

**ю.и.д., доцент Алымбеков Б.М.**

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** “Кыргыз Республикасында прокуратура органдарынын жана прокурордук кызматкерлердин укуктук статусу” темадагы юридика илимдердин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунуштаган Джумадилов Улан Джусупбековичтин диссертациясы Д 12.23.668 диссертациялык кеңештин профилине

туура келет. Эмгекте биздин өлкөдө прокуратура органдарынын жана прокурордук кызматкерлердин укуктук статусу көйгөйлөрү жөнүндө изилдөө жүргүзүлөт, бул 12.00.11-сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистигинин паспортунун 2.1, 2.4, 2.7, 2.15, 2.17 пунктарына толук дал келет.

**Диссертация темасынын актуалдуулугу.** Мамлекеттик бийликтин механизминде борбордук орунду мамлекеттик бийлик органдарынын жыйындысын жана мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын аткарууну камсыз кылуу боюнча кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик чиновниктер же кызматчылар деп атоого боло турган адамдардын өзгөчө катмарын камтыган мамлекеттик аппарат ээлейт. Мамлекеттик аппараттын иштешинде Кыргыз Республикасынын прокуратура органдары – төмөн турган прокуратуралардын жогору турган прокуратурага жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына баш ийүүсү менен өз ишин башка мамлекеттик органдардан көз карандысыз жүргүзгөн органдардын борборлоштурулган тутуму маанилүү ролду ойнойт.

10.09.2021-жылдагы №114 "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 2-беренесине ылайык, прокуратура мыйзамдын үстөмдүгүн, мыйзамдуулуктун биримдигин жана бекемделишин, ошондой эле инсандын, коомдун жана мамлекеттин мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуучу мамлекеттик орган болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын көп кырдуу ишмердүүлүгүнүн натыйжасында акыркы жылдары он миңдеген жарандардын бузулган укуктары калыбына келтирилген, бир нече миң кызмат адамдары ар кандай жоопкерчиликтерге тартылышкан. Прокуратура органдарына Конституция менен бардык контролдоочу жана көзөмөлдөөчү органдар тарабынан мыйзамдардын так жана бирдей аткарылышын көзөмөлдөө милдети жүктөлгөн. Мындан сырткары, Кыргыз Республикасында мыйзамдардын так жана бир түрдүү аткарылышына прокурордук көзөмөл – мамлекеттик иштин спецификалык, өз алдынча формаларынын бири болуп саналат. Ал жарандардын, мамлекеттин, юридикалык жактардын жана коомдук уюмдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча олуттуу кепилдиктердин бири катары каралышы мүмкүн.

Азыркы этапта прокуратуранын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бири коррупциянын ар кандай көрүнүштөрүнө каршы туруу болушу керек, анын масштабы коомдун туруктуулугуна жана коопсуздугуна реалдуу коркунуч жаратат, бийлик органдарына болгон ишенимди бузат. Көпчүлүк учурда мындай абал мамлекеттик институттар тарабынан коррупцияны пайда кылуучу себептерди жана шарттарды четтетүү маселелерине жетишсиз көңүл буруусу, анын көрүнүштөрүнө каршы аракеттенүү боюнча реалдуу чараларды көрбөөсү, ошондой эле мыйзамдуулуктун бузулушуна прокурорлордун ырааттуу жана адекваттуу жооп кайтаруусунун жоктугу менен шартталган.

Коомдук мамилелердин дээрлик бардык чөйрөсүн жөнгө салуучу мыйзамдардын сакталышына көзөмөлдүктү жүзөгө ашырууда прокуратура укук колдонуу практикасынын негизинде башка эч бир мамлекеттик орган катары региондордо жана жалпысынан өлкөдө укук колдонуу практикасынын абалынын объективдүү көрүнүшүн, анын ичинде колдонуудагы ченемдик укуктук актылардын карама-каршылыгын, толук эместигин жана башка кемчиликтерин көрөт, анткени алар менен түздөн-түз практикада кезигет.

Ошондуктан жогоруда баяндалгандардын бардыгы мамлекеттик механизмде прокуратуранын ишин уюштурууну өркүндөтүүнүн андан аркы жолдорун аныктоо максатында көтөрүлүп жаткан көйгөйдү комплекстүү, тутумдуу жана заманбап көз караш менен кароого мажбурлайт. Өз ара байланышта прокуратуранын ишмердүүлүгүнө тиешелүү мыйзамдарды кароо зарыл, анда прокурордук тутумдун звенолорунун, анын ичинде КМШ өлкөлөрүнүн укуктук кызматташтыгынын алкагында укуктук жардам көрсөтүүнүн ортосундагы өз ара байланышты аныктоо зарыл. Көрсөтүлгөн жагдайлар жана изилдөөнүн актуалдуулугун аныктайт.

**Иштин максаты жана милдеттери.** *Изилдөөнүн максаты* Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын ишинин уюштуруу-укуктук механизмин өркүндөтүүгө багытталган теориялык жоболордун жана практикалык сунуштамалардын комплексин иштеп чыгуу болуп саналат. Ал мыйзамдын заманбап тенденцияларын жана өзгөрүүлөрүн, ошондой эле прокуратуранын функцияларын ишке ашырууда, анын ичинде КМШ өлкөлөрүндө укуктук жардам көрсөтүүдө эл аралык кызматташтыктын алкагында көп кырдуу көйгөйлөрдүн болушун эске алат.

Диссертациялык изилдөөнүн *милдеттери:* 1) 10.09.2021-жылдагы №114 Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө конституциялык Мыйзамынын контекстинде прокуратура жана прокуратура кызматкерлеринин милдеттеринин маани-маңызын жана өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө негизги мамилелерди, ошондой эле ага киргизилген акыркы өзгөртүүлөрдү изилдөө; 2) Прокуратуранын ишин уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн, алардын прокурордук кызматкерлерге карата коюлуучу принциптерин жана талаптарын карап чыгуу; 3) КМШ өлкөлөрүнүн катышуучуларынын мамлекеттеринде прокуратура институтунун ишин уюштурууну жана өзгөчөлүктөрүн иликтөө; 4) Кылмыш иштери боюнча укуктук жардам көрсөтүүдө эл аралык кызматташтыктын алкагында, анын ичинде мыйзамдардын аткарылышына адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин заманбап шарттарда сакталышына прокурордук көзөмөлдү жүзөгө ашыруу боюнча прокуратуранын жана прокурордук кызматкердин укуктук статусун кароо; 5) Кыргыз Республикасында сотко чейинки өндүрүштө прокурордун статусунун процессуалдык функцияларынын өзгөчөлүктөрүн карап чыгуу; 6) Сот жана аларды чечүү жолдору менен прокуратура катышуусу уюштуруу маселелерин карап чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** болуп прокуратура органдары тарабынан ага мүнөздүү болгон көп функциялуу ишмердүүлүктү жана мыйзам ченемдеринин талаптарын ишке ашырууга байланыштуу келип чыккан коомдук мамилелер, ошондой эле мында илимий, уюштуруучулук жана укуктук, анын ичинде КМШнын алкагында чечүү зарылдыгын пайда кылган көйгөйлүү кырдаалдар саналат.

**Иштин теориялык мааниси** прокурордук-көзөмөлдүк укук жаатындагы илимий билимдерди өнүктүрүүгө кошкон салымында, ошондой эле мыйзамдардагы заманбап тенденцияларды жана өзгөрүүлөрдү эске алуу менен Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын ишинин уюштуруу-укуктук механизмин өркүндөтүүгө багытталган теориялык жоболордун комплексин иштеп чыгууда, ошондой эле прокуратуранын функцияларын ишке ашырууда, анын ичинде КМШ өлкөлөрүндө укуктук жардам көрсөтүүдө эл аралык кызматташтыктын алкагында көп кырдуу проблемалардын болушунда турат.

Иште жазыктык куугунтуктоо жана айыптоо функцияларын ишке ашырууда сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө түзүлгөн көйгөйлүү кырдаалдар, ошондой эле Жаңы

процесстик институттардын пайда болушунун заманбап тенденцияларын жана каралып жаткан чөйрөлөрдө мыйзамдарды реформалоону эске алуу менен мыйзамдуулукка көзөмөлдү жүзөгө ашыруу ачыкка чыгарылат.

**Квалификациялык белгилерге туура келиши.** Диссертация 12.00.11- сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистигинин боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө Жобонун 11-пунктунун талаптарына жооп берет.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** берилген конкреттүү жоболор, ошондой эле диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары илимий жана колдонмо мүнөзгө ээ, ошондуктан төмөнкүлөр болушу мүмкүн: а) Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарын андан ары реформалоо концепциясын иштеп чыгуу үчүн база; б) Кыргыз Республикасынын прокурорлорунун мамлекеттик кызматын андан ары өнүктүрүү үчүн негиз; в) укуктук жардам көрсөтүү боюнча эл аралык кызматташтыкты уюштуруу боюнча эл аралык-укуктук актыларды иштеп чыгуу, ошондой эле ЕАЭБ өлкөлөрүнүн башкы прокурорлорунун Координациялык кеңешинин функцияларын толуктоо үчүн.

Мыйзам чыгаруу мүнөзүндөгү сунуштар төмөнкүлөргө өбөлгө түзөт: а) прокуратуранын ишине түздөн-түз байланышкан жаңы укуктук институттарды киргизүүгө жана иштеп жаткандарын өркүндөтүүгө; б) каралып жаткан чөйрөдөгү мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча салым кошот.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**
Автореферат диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максатына жана милдеттерине толук дал келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бирдей резюмеге ээ.

